**Бишкек шаарындагы №4- гуманитардык-укукук багытындагы мектеп-гимназиясынын мамлекеттик тил усулдук бирикмесинин 2021-2022- окуу жылында аткарган иштерине**

## АНАЛИЗ

Быйылкы окуу жылын биздин жамаат чоң кубаныч менен тосуп алдык. Бир жылдан бери аралыктан окутуп жатып, акыры окуучуларыбыз менен жузмө-жүз көрүшүү биз үчүн зор кубаныч тартуулады. 15-сентябрга чейинки даярдыкты кызуу жүргүздүк.

Мектеп ичинде иш кагаздар эки тилде жүргүзүлөт. Биздин мектептин мамлекеттик тил усулдук бирикмесинде эмгектенген 17 мугалим бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып иштеп, бир жылдын ичинде көп ийгиликтерге жетишүүгө үлгүрдү.

Август айында өткөрүлгөн усулдук кеңешмесинде календардык-тематикалык пландар каралып, бекитилди. Жамаат менен бирге кеңешип, тегерек стол уюштуруп, окуу жүктөмү бөлүштүрүлдү. Мугалимдердин ичинде эки жаш мугалим бар:Асантурова Айдай, Канатбекова Бегимай. Калган мугалимдер көп жылдан бери эмгектенген 12 мугалим, пенсия курагындагы үч мугалим эмгектенент. Жаш адистерге насаатчыларды дайындадык, алар: Намазбекова Нурилага – Султанова Гулбара, Канатбекова Бегимайга – Жороева Гулнур, Асантурова Айдайга – Атабекова Айзада, Уланбекова Жасминге- Шалпыкова Гүлнара насаатчы болуп бекитилди.

Окуу китептери менен 1-4, 5-6 класстар толук камсыз болушту. 7- класстарда жаңы стандарттын негизинде ата- энелердин жардамы менен толук камсыз болушту. 8-11-класстарда китептер жетишсиз. Жалпы 9 кыргыз тили кабинети бар. Бир кабинет интерактивдүү панель менен камсыз болгон. Мектеп ичиндеги кабинеттердин бардыгында мамлекеттик символикалар илинген. Мамлекеттик тилде “ Манас ” ийрими быйыл ачылды.

Августтун аягынан тарта, жалпы жамаатыбыз менен кесиптешибиз Шонкоева Гүлбарчынды колдоп, колубуздан келген жардамыбызды бердик. Себеби, Гулбарчын Темирбековна №4-мектеп –гимназиясынын атынан Свердлов райондук “Жүрөгүмдү балдарга арнаймын”- аттуу жылда өткөрүлүүчү сынакка катышууга даярданып жаткан. Үзүрлүү эмгектин натыйжасы менен 10-сентябрда кесиптешибиз Гүлбарчын райондук сынактын “Жылдын мыкты мугалими” номинациясы боюнча 1- орунга ээ болду.Ага удаа эле 16- сентябрда ошол эле сынактын шаардык туруна катышты, бирок орунга ээ боло алган жок. Ошентсе да көңүл жубатуучу белектерге ээ болуп, ардак грамота менен сыйланды. Ошондой эле 23- сентябрь- мамлекттик тилдин 32 жылдыгына карата шаардык “Мыкты кабинет” кароо-сынагына кыргыз тили жана адабияты кабинетин койдук. Бул кабинетте Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына басым жасалып, жаңы технологиялар менен камсыз болгон. Кабинет мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Султанова Гүлбарага бекитилип берилген. Кабинет боюнча шаардык кароо-сынакка Султанова Гүлбара катышты. Сынакта 3- орунду ээлеп, кабинетке принтер баалуу белек утуп алды.

Андан соң КТПдын негизинде ар бир мугалим сабакта колдонууга видео сабактарды, чакан ролик, презентацияларды түзүп, даярдык көрүштү. Окуу башталгандан тартып сабактарды ийгиликтүү өтүп жаттык.

Быйыл окуу жылы 15- сентябрда башталды. Сентябрь айында баштапкы билим сапатын текшерүү үчүн окуучулардан 3-11 класстарынан жат жазу алынды.

Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына арналган 5-айлыкты жыйынтыктап Тыныстановдун үй –музейи тууралуу долбоорду Турдубекова Жибек ортого салды. Бул долбоор-жаш муун үчүн кабыл алууга татыктуу, коп маалымат камтылган таанып-билүүчү долбоор деп бааланды.

23-сентябрда Мамлекеттик тил күнүн майрамдоо бул мектепте салттуу көрүнүш. Ар бир кыргыз тили мугалими бул майрамда четте турган жок, куттуктоолорду уюштуруп, дубал газета чыгарышып, көркөм окуу сынагын даярдап, эч болбогону сабагында атайы дайындалган видео-ролик көрсөттү. Республикалык деңгээлде уюштурулган видео куттуктоолордун конкурсуна да катыштык. Мамлекттик тилдин 32 жылдыгына карата кыргыз тили кабинети шаардык конкурска коюлду. "Эң мыкты кабинет" номинациясында 3-орнуга ээ болуп баалуу сыйлык катары түстүү принтер алдык.

Чейректин аягында "Китеп-билим булагы" атту долбоордун алкагындагы 8-9-10-11 класстарда тесттердин сынагы жана 7-класстарда дил баяндар сынагы өткөрүлдү. Ар бир параллелден эң мыкты окуучу тандалып,райондук сынакка катышуу укугуна ээ болушту . Райондук сынакта 9-И класстын окуучусу Кундузова Айкена орус класстар арасында 1-орунга ээ болуп, баалуу белекке татыктуу болду .

1-чейректи ийгиликтүү жыйынтыктап, чейрек аягында предметтик мугалимдер билим сапаты боюнча мониторинг түзүп, жат жазуулар боюнча маалымдама дайындашып, отчеттору тапшырышты.

Экинчи чейрек башталгандан тарта, алдыдагы боло туган иш-чараларга даярдык көрдүк. Параллелдер боюнча мектеп ичиндеги олимпиадага катышууга окуучуларды даярдатык.

26-ноябрда мектеп ичиндеги предметтик олимпиада болуп өттү. Атайы түзүлгөн калыстар тобунун чечими менен жыйынтык чыгарылып, грамоталар тапшырылды. Райондук олимпиадага катышууга 10- класстын окуучусу Аттокурова Толкунай тандалып, райондук олимпиадага жолдомо алды.

Ал ортодо белгилүү ишмер Жусуп Абдрахмановдун 120 жылдыгына карата дубал газета, бурч уюштурулуп, ар бир класста класстык сааттар өткөрүлдү.

СССРдин эл артисти, төкмө акын Эстебес Турсуналиевдин 90- жылдык мааракесине да четте калбастан катыштык.

4- декабрь- "Манас" күнүнө карата "Жаш манасчы" сынагы уюштурулуп, мектептин үч окуучусу катышып келишти. Жээнбеков Абзал, Тойбаева Диана өз өнөрлөрүн татыктуу ортого салышты. Жыйынтыгында Жээнбеков Абзал райондо биринчи орунга ээ болуп, баалуу белекке татыктуу болду.

Адабият күнүнө карата жыл сайын болуучу "Айтматов менен кездешүү" аттуу иш-чарага катыштык. Ар бир предметтик мугалим же ачык сабак, же адабий кече, же көркөм окуу сабактарын уюштуруу менен залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматовду даңазалашты.Өзгөчө баалай кетүүчү сабактарды Ж.Садыкова, Н.Оболбекова, А.Атабекова өтүштү. Ошондой эле Мамлекеттик тилдин бир айлык жыйынтыгын өткөрүүгө 10-декабрда Уланбекова Жасмин катышып келди.

13-декабрда биздин мектептин алкагында 6-7-8- класстар арасында "Китеп-билим булагы" – сынагы өткөрүлдү. Биздин мектептен тандалып чыккан 6,8- класстын окуучулары катыша алышты.

2-чейректи жыйынтыктоодо да, предметик мугалимдер мониторинг түзүү менен класстардын билим сапатын аныктап, жат жазууларга маалымдамалар жазылып, отчеттор берилди. Мектепте балаты майрамы уюштурулбаса да, мугалимдер менен окуучулар биргелешип, мектеп терезелерин "Кышкы жомок" тематикасында коолдоп чыгышты. Бул кооздук мектеп ичинде майрамдык маанай тартуулап турат.

21-февраль- "Эл аралык эне тил" күнүнө карата "Тил достуктун ачкычы" аттуу изилдөө долбоорунан 9-И классынан Кундузова Айкена райондук сынакка катышты. Ал эми бул иш-чара мектеп ичинде, класстар арасында өткөрүлүп, ар улуттун каада салттары, үрп адаттары боюнча сынактар уюштурулуп, жыйынтыгында жеңүүчүлөр аныкталды.

Март айында усулдук бирикменин декадасы өткөрүлүп, аны менен бирге 3-март Кыргыз Республикасынын туу күнү белгиленди жана 5-март "Улут жүзү- Ак калпак" күнү, жаз майрамына карата "Салам Нооруз" ушул темаларда мектеп ичинде иш-чаралар өткөрүлдү.

Апрель айнда 4-5 –класстардан мектеп ичинде алдын ала билим сапатын текшерүү иши өткөрүлдү. 9-класстардан БББнан жөнөтүлгөн тапшырма боюнча билим сапаты текшерилип алынды.

Жылдын аягында 9-11-класстарга берген мугалимдер мамлекеттик экзамендерге даярдык көрүштү.

Мамлекеттик экзамен :

17-июнда  9- класстарда кыргыз тилинен комплекстүү тест (жазуу түрүндө),

20-июнда 11-класстарда кыргыз тилинен комплекстүү тест (жазуу түрүндө) өттү. Окуучулар жакшы жетишкендиктерге ээ болушту.

**Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары : ________Султанова Г.А.**